Жобо ИТЭИнин
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган
протокол № __23/11
23.06.2023-жыл

«Бекитемин»
ИТЭИнин ректору
х.и.к. Барпыбаев Т.Р.
"29" 06 2023-ж.

**Инновациялык технологиялар жана энергетика институту (ИИТЭ) акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн тартиби тууралуу ЖОБО**

## I. Жалпы жобо

I.1. Жобо КР "Билим берүү мыйзамынын" (буй.№92 30-апрель 2003-ж.), КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 28-майындагы "Орто жана кесиптик билим берүүнүн билим берүү мекемелеринде студенттердин окуусун каржылоонун механизмдерин бекитүү" жөнүндө №331 токтомунун, КР "Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо тууралуу" мыйзамынын (буй.№90 10-декабрь 1997-ж.) негизинде иштелип чыкты.

I.2. Жободо колдонулган түшүнүктөр:
- "Буйрутмачы" - келишимдин негизинде акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын өзү же башка жактар үчүн буйрутма берүүгө ниети бар юридикалык же физикалык жак.

Буйрутма берүүчү катары уюштуруучулук-укуктук формасынан көз-карандысыз юридикалык жак; ата-эненин бири же билим алуучунун мыйзамдуу өкүлү; ж.б. билим берүүнү каржылоого кепилдик берген жактар болушу мүмкүн.

-"Аткаруучу" –билим берүү ишмердүүлүгүн ишке ашырган жана билим алуучуга акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөткөн мекеме (Институт);

-"Билим алуучу" – билим берүү программасын өздөштүргөн физикалык жак. Бир эле учурда "Буйрутмачы" жана "Билим алуучу" болуп эсептелген жана билим берүү кызматына өз алдынча акы төлөөгө жөндөмдүү физикалык жак.

-"Акы төлөнүүчү билим берүү кызматы" - физикалык же юридикалык жактардын эсебинен билим берүү боюнча кабыл алууда түзүлгөн келишимдин негизинде билим берүү ишмердүүлүгүн ишке ашыруу (соңунда - келишим).

-"Кошумча билим берүү кызматы" – адамдын жаңы билимдерди өздөштүрүүдөгү керектөөлөрүн жана жекече жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган педагогикалык кызматкерлердин көмөгү аркылуу ишке ашырууга багытталган "Аткаруучунун" ишмердүүлүгү.

Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунда (ИИТЭ) билим берүү кызматтарынын бардык түрү, анын ичинде мамлекеттик стандарттын негизинде, жазуу жүзүндө физикалык же юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде көрсөтүлөт.

Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтары институттун билим алуучунун, башка жарандардын, коомдун жана мамлекеттин билим алуудагы керектөөлөрүн ар тараптуу канааттандыруу максатында жүргүзүлөт.

Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча ишмердүүлүк Институттун Уставында каралган. ИИТЭ КР мыйзамдарына жана институттун Уставына каршы келбеген, тараптардын шарттарында жана милдеттеринде аныкталган, окутуу боюнча келишимдерди түзүү боюнча маселелерди өз алдынча чечет.

ИИТЭ акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын билим берүү ишердүүлүгүн жүргүзүүгө укук берген лицензиянын жана мамлекеттик аккредитациянын күбөлүгүнүн негизинде көрсөтөт.

Институт төмөнкү акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтөт:

- жогорку кесиптик билим берүү (бакалавр деңгээли) программаларынын негизинде окутуу;
- кошумча билим берүү программалары боюнча окутуу (квалификацияны жогорулатуу программалары).

I.3. Буйрутмачынын ага карата акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынан баш тартуусу институт тарабынан көрсөтүлүп калган билим берүү кызматтарынын көлөмүн жана шарттарын өзгөртүүгө себеп болбойт.

I.4. Аткаруучу келишимдеги шарттардын жана билим берүү программаларынын негизинде толук көлөмдө буйрутмачыга акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө милдеттүү.

## II. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тартиби жана баасы

II.1. Институттун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ИТЭИнин ректорунун буйругу менен акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тизмеси жана баасы аныкталат.

II.2. ИТЭИнин ректору институттун каржылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша, өз алдынча билим алуучулардын категориясы үчүн акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарына карата жеңилдиктердин тизмесин жана өлчөмүн аныктайт. Билим алуучулардын категориясы үчүн акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарына карата жеңилдиктердин тизмеси жана өлчөмү институттагы "Социалдык жеңилдиктерди берүүнүн Жобосу" менен жөнгө салынат.

II.3. Окуу акысынын төлөмдөрүнөн жеңилдиктерди берүү тууралуу чечим ректор тарабынан "Буйрутмачынын" арызынын негизинде тиешелүү иш-кагаздарынын толуктуулугу менен тастыкталганда кабыл алынат.

II.4. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтары окутууга карата түзүлгөн келишимдеги тартипте жана мөөнөттөрдө ишке ашырылат. Окуу акысы институттун банктагы эсебине накталай эмес тартипте улуттук акча бирдиги (сом менен) төлөнөт. Буйрутмачыга Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган билим берүү кызматына акы төлөгөндүгүн тастыктаган документ берилет. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын мөөнөттөрү буйрутмачы үчүн I-курстар үчүн ар бир окуу жылынын башында 10-сентябрга чейин 100%, ал эми кийинки курстар үчүн экзамендик сессиялардын алдынан 50% бөлүп төлөөгө уруксат берилет. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын өлчөмү ар бир окуу жылында инфиляциянын деңгээлин эсепке алуу менен институттун Окумуштуулар кеңешинде талкууланып, кабыл алынат.

II.5. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматы боюнча тараптар келишим түзгөндөн кийин окуу акысынын өлчөмүн өзгөртүүгө болбойт.

## III. Институт тарабынан акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтары тууралуу маалыматтар

III.1. Институт келишим түзүлгөнгө чейин өзү тууралуу жана акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтары тууралуу маалыматтарды так бериши керек. Бул маалыматтар буйрутмачы үчүн туура тандоону жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Институт буйрутмачыга акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтарынын тартиби жана өлчөмү тууралуу маалыматтарды жеткирет. Маалыматтар институттун жайгашкан жеринде, б.а. дарегинде берилет: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад обл., Таш-Көмүр ш., Курулуш 15.

III.2. Буйрутмачы үчүн маалыматтар (институттун сайтында же атайын тактайчада) төмөнкүнү камтыйт:

- институттун жайгашкан жери;
- билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө укук берген лицензиянын жана мамлекеттик аккредитациядан өткөндүгүнүн күбөлүктөрү (каттоо регистрациясы, мөөнөтү, дареги ж.б.);
- негизги жана кошумча билим берүү программалары, формалары, окуу мөөнөттөрү;
- билим берүү кызматтарынын акысы;
- институтка кабыл алуу тартиби жана талаптары;
- окуу мөөнөтү аяктагандан кийин берилүүчү документтин формасы;
- институттун Уставы;
- келишимдин үлгүлөрү;
- жеңилдиктерди берүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү.

Ошондой эле буйрутмачынын суранычы боюнча башка дагы кошумча маалыматтарды берүүгө милдеттүү. Буйрутмачы үчүн маалыматтар төмөнкү ыкмалар менен жеткирилиши мүмкүн:

- кулактандыруулар;
- буклеттер;
- жарнамалык проспекттер;
- институттун атайын тактайчасындагы маалыматтар;
- институттун расмий сайтындагы маалыматтар

Маалыматтар кыргыз жана орус тилдеринде берилет.

## IV. Акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтары боюнча келишимди түзүүнүн, өзгөртүүнүн жана бузуунун тартиби

IV.1. Институт тарабынан акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү келишимдин негизинде ишке ашырылат жана анын формасы институттун ректорунун буйругу менен бекитилет. Институт буйрутмачы сураган окутуу үчүн билим берүү кызматтары бар болгондо гана келишим түзө алат. Келишим кызмат көрсөтүү башталганга чейин түзүлөт.

IV.2. Келишим жөнөкөй жазуу формасында түзүлөт дагы төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

- юридикалык жактын толук аты;
- институттун жайгашкан жери;

- буйрутмачынын аты-жөнү, телефону;
- буйрутмачынын дареги;
- аткаруучу менен буйрутмачынын өкүлүнүн аты-жөнү, институттун жана буйрутмачынын өкүлүнүн укуктарын тастыктаган документтеринин реквизиттери;
- билим алуучунун аты-жөнү, дареги, телефону;
- аткаруучунун жана буйрутмачынын жоопкерчиликтери, милдеттери жана укуктары;
- билим берүү кызматтарынын толук акысы, төлөө тартиби;
- билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө укук берген лицензия;
- билим берүү программаларынын багыты, түрү жана деңгээли;
- окутуунун формасы;
- билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн мөөнөтү;
- тиешелүү билим берүү программасын аяктагандан кийин берилүүчү мамлекеттик үлгүдөгү документтин түрү;
- келишимди өзгөртүүнүн жана бузуунун тартиби;
- ж.б. акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматына байланыштуу зарыл иш-кагаздар.

IV.3. Келишимде жактардын укуктарын чектеген шарттар каралбашы керек. Келишимде көрсөтүлгөн маалыматтар институттун расмий сайтында жайгаштырылган маалыматтарга дал келиши шарт. Институттун Уставынын негизинде институттун атынан келишимге ректор кол коёт. Буйрутмачы юридикалык жак болсо, келишимди анын жетекчиси же ишеним каттын негизинде укуктуу жак кол коёт. Келишим жактардын санына жараша нускаларга көбөйтүлөт. Келишим түзүү үчүн юридикалык жак болсо – банктагы реквизиттерин, келишимге кол коюучунун укуктарын тастыктаган документти (дайындоо жөнүндө буйругу, башкаруу органынын чечиминин токтому, ишеним кат), ал эми физикалык жак үчүн өздүгүн тастыктаган документтин көчүрмөсү керек. Келишим институтка студенттердин катарына кабыл алынгандыгын каттоодон баштап күчүнө кирет жана негиз боло алат. Келишим студенттин окуу жайдан чыгарылганга чейин күчүндө болот. Келишимдеги шарттардын өзгөртүлүшү тараптардын макулдашуусу менен гана жүрөт. Келишимдеги өзгөрүүлөр кошумча келишимди түзүү менен шартталат дагы кол коюлгандан кийин күчүнө кирет.

IV.4. Келишимдин түп нускасы ага тиркелген кошумча документтери менен институттун структуралык бөлүмүндө сакталат. Келишимдин түп нускасын сактоо мөөнөттөрү институттун ректору тарабынан бекитилген иш-кагаздарынын номенклатурасынын негизинде аныкталат. Келишимдеги милдеттемелердин аткарылышын көзөмөлдөө институттун бухгалтериясы тарабынан жүргүзүлөт. Аткаруучу ал тарабынан бекитилген окуу планын, окуу процессинин графигин жана сабактардын жадыбалын сактоого милдеттүү. Сабактардын убакыт тартибин аткаруучу бекитет.

## V. Аткаруучу менен буйрутмачынын жоопкерчиликтери

V.1. Аткаруучу билим берүү кызматтарын буйрутмачы менен түзүлгөн келишимде белгиленген мөөнөттөрдө жана тартипте жана институттун Уставынын негизинде аткарат. Келишимде көрсөтүлгөн милдеттемелерди толук эмес же тиешелүү деңгээлде аткарбаган учурда аткаруучу менен буйрутмачы Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча жоопкерчилик тартат.

V.2. Буйрутмачыга билим берүү программаларында каралган тиешелүү канааттандырарлык деңгээлде билим берүү кызматы толук эмес көлөмдө көрсөтүлсө, анда ал өзүнүн талабы боюнча төмөнкүлөргө укуктуу:

- төлөмсүз билим берүү кызматын пайдаланууга;
- көрсөтүлгөн акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтарынын акы өлчөмүн төмөндөтүүгө;
- өзүнүн күчү же үчүнчү жактар аркылуу билим берүү кызматын көрсөтүүдө келип чыккан жетишсиздиктерди жоюу боюнча кетирген чыгымдарды кайрадан калыбына келтирүүгө.

V.3. Эгерде институт тарабынан акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө жаралган жетишсиздиктерди жоюуга аракеттерин көрүлбөсө, анда буйрутмачы келишимдин шарттарын аткарбоого жана төлөгөн акыны толугу менен кайтарып алууга укуктуу.

V.4. Институттун демилгеси менен төмөнкү учурларда келишимдин шарттары бир тараптуу бузулушу мүмкүн:

- билим алуучу тарабынан окуу планын жана билим берүү программасын толук аткарбаганда;
- институтка кабыл алууда кабыл алуу тартибин бузганда;
- акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтарынын акысын төлөбөгөн учурда;
- билим алуучу келишимде көрсөтүлгөн өзүнүн милдеттерин толук аткарбаган учурда.

V.5. Жобонун негизинде акы төлөнүлүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча түзүлгөн келишимдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, учурдагы Жобонун шарттарына карама-каршы келбеши керек жана билим берүү чөйрөсүндөгү инсандардын кызыкчылыктарын жана укуктарын бузбашы шарт.